**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ТАЛАС ОБЛУСУ**
**АЙТМАТОВ РАЙОНУ**
**БЕЙШЕКЕ АЙЫЛ АЙМАГЫ**
**БЕЙШЕКЕ АЙЫЛДЫК АЙМАКТЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АЙТМАТОВСКИЙ РАЙОН**
**БЕЙШЕКЕНСКИЙ АЙЫЛНЫЙ АЙМАК**
**БЕЙШЕКЕНСКИЙ АЙЫЛНЫЙ АЙМАКСКИЙ КЕНЕШ**

---

# Токтом №1

## 7-чакырылыштын V-кезексиз сессиясы

25-сентябрь 2023-жыл Бейшеке айылы

## Айтматов районунда административдик-аймактык реформаны ишке ашыруу жөнүндө

Кыргыз Республикасынын административдик-аймактык түзүлүшүн өркүндөтүү жана региондорду өнүктүрүү боюнча андан аркы чаралар жөнүндө Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгын ишке ашыруу максатында Талас облусунун Айтматов районунун Бейшеке айылдык кеңеши **ТОКТОМ кылат:**

1. Айтматов районундагы административдик-аймактык реформаны ишке ашыруу боюнча жумушчу тобунун 2023-жылдын 22-августундагы №3 чечими колдоого алынсын.
2. Кара-Буура айыл аймагына Бакыян жана Бейшеке айыл аймагын бириктирүү менен Кара-Буура айыл аймагы болуп аталсын.
3. Бириккен Кара-Буура айыл аймагынын борбору Кызыл-Адыр айылында жайгашсын.
4. Бириктирилип жаткан айыл аймактын картасын, чек араларын, жайыт жер аянттарын, калкынын санын тактоо иштери райондук мамлекеттик администрациясында түзүлгөн жумушчу тобу менен иш алып баруу жагы Бейшеке айыл өкмөтүнүн башчысы Р.Барпыбековго жүктөлсүн.
5. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы жер маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.
6. Токтом Бейшеке айылдык аймактык кеңешинин BEISHEKE.ORG.KG веб сайтына жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Төрага** **Жеңишбек уулу А.**